**Изденүүчү Ысакбаева Зинат Турдубекованын «Ч.Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология» деген 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттик**

**П И К И Р**

Кыргыз адабияттаануу жана дүйнөлүк адабияттаануунун алкагында көп кырдуу өнүгүп келе жаткан илимий тармактардын бири «айтматовтаануу» болуп эсептелет. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын изилдөөнүн диапазону мезгил өткөн сайын актуалдуулугу күчөп улам кеңейип бара жаткандыгы белгилүү. Албетте, Ч.Айтматов өзүнүн чыгармачылык жолунда адабий баяндоонун чакан аңгемелеринен тартып анын повесть жана роман жанрларына чейинки эпикалык масштабдагы ийгиликтерди жаратууга жетишкендиги, өз мекенибиздин жана чет өлкөлүк окумуштуулары тарабынан көптөгөн изилдөөлөрдү жаратып жана ал бүгүнкү күндүн да илимий изилдөөлөрүнүн негизги объектиси бойдон калууда. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы кыргыз адабияттаануусу эле эмес, дүйнөлүк адабияттаануунун өнүгүшүнө адабий булак катары кызмат өтөп, анын ар тараптуу өнүгүшүнө шарт түзүп берди. Бул багыттан алганда, Ысакбаева Зинат Турдубековна тарабынан **«Ч.Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология»** деген темада жазылган диссертациялык изилдөөсү жазуучунун роман жанрындагы көркөм табылгаларынын философиянын баалуулук категориясы аркылуу каралышы иштин **актуалдуулугун** белгилеп турат.

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз айтматовтаануусунун тарыхына кайрылганыбызда, бүгүнкү күндөрдө анын улам бир багыттарынын ачылышы, кезегинде жаш изденүүчүлөрдүн катары менен толукталып жаткандыгы белгилүү. Бүгүнкү күндө Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын изилдөөчүлөрдүн бери эле дегенде үчүнчү-төртүнчү мууну илим тармагына аралашып жатат десек жаңылышпайбыз. Бул көчтүн башында, Б.Ашымбаев,

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 119/04-8
«19» январь 2021 г.

Ш.Үмөталиев, К.Асаналиев, К.Артыкбаев, К.Абдылдабеков, М.Борбугулов, К.Бобулов, Т.Аскаров жана башкалар турса, А.Акматалиев, Л.Үкүбаева, А.Эркебаев, О.Ибраимов, С.Байгазиев, К.Ибраимов, А.Кадырмамбетова ж.б. изилдөөлөрүндө айтматовтаануу илими улам бир жаңыча багытта изилденип келе жаткандыгы белгилүү. Бул тууралуу изденүүчү: «Кийинки жылдарда да илимий коомчулукта Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына болгон кызыгуу токтобой, басаңдабай, тескерисинче улам күч ала берди. Улуу сүрөткердин ар бир жаңы чыгармасы окурмандардын бүйүрүн кызытып, алардын маани-мазмуну, идеясы, темасы, проблемасы ж.б. маселелер боюнча ой айтууга, дискуссия кылууга түртүп келди. Натыйжада бүгүнкү күнгө чейин дагы бир нече ондогон кыргызча, орусча эмгектер жаратылып, кыргыз адабият таануусундагы Айтматов таануу салаасынын өнүгүүсүнө олуттуу салым болуп калды» (15-бет) деген ойду айтып, бул маселелерди иликтеп-изилдөөнүн өзү келип иштин негизги өзөгүн түзгөн **актуалдуу** маселелерден экендиги белгиленет. Бул теманын актуалдуулугунан улам диссертациялык изилдөөнүн **максаттары** тандалып алынган десек болот.

**Илимий изилдөөнүн максаты.** Кыргыз профессионалдык адабиятынын роман жанрындагы баалуулук темасынын адам баласынын руханий жашоосундагы ордун жана маанисин ачып берүү **максатында** диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан (I бап - 2 параграф, корутундусу; II бап – 3 параграф, корутундусу; III бап – 5 параграф, корутундусу), корутунду (184 бет) жана колдонулган (102) адабияттардын тизмесинен турат.

**I Бап. «Чыңгыз Айтматовдун романдарын баалуулуктун аспектте изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери»** деп атылып, бул бап 2 параграфтан турат.

**1-§. «Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгынын адабият таануу жана башка илимдерде изилдөөсүнө сереп»** деген параграфында изденүүчү кыргыз адабияттаануусунун айтматовтаануу илиминин өнүгүшүнө арнап учурунда профессор А.Садыковдун «Айтматов таануу илиминин залкар өкүлдөрү» деген эмгегинин өзгөчө ордун белгилеп берет. Бул багыттагы

эмгектердин ордун, маанисин белгилеп келип, изденүүчү: «…кыргыз жазуучусунун чыгармачылык ийгилиги кадыресе жекече ийгиликтин катарындагы көрүнүш эмес, бул баарынан мурда улуттук адабияттын жаңы сапаттык баскычка көтөрүлүшү, б.а. жаңы эстетикалык принциптердин негизинде байыркы кыргыз эпосунун кайрадан жаралышы, жаңы эстетикалык формацияга айланышы» экендигин таасын байкоого жетишкен К.Асаналиев, А.Акматалиев, С.Алахан, Г.Гачев, К.Ибраимов жана башкалардын илимий эмгектерин талдоого алуу менен аларга карата илимий-теориялык өңүттө баа берүүгө жетишкен.

Изденүүчү иштин бул параграфында кыргыз адабияттаануусундагы айтматовтаануунун кайсы маселелери буга чейин изилдөөгө алынгандыгын белгилеп келип: адабияттардын өз ара байланышы; жазуучунун адабий-эстетикалык көз караштары, адам концепциясы, чыгармаларынын жанрдык бөтөнчөлүгү, котормочулук чеберчилиги; көркөм образдын поэтикасы, айтматовдук поэтиканын фольклор менен байланышы; чыгармачылыктагы реалисттик көркөм символика; пейзаждын, салыштыруу менен метафоранын, символдордун көркөмдүк кызматы; кош тилдүү чыгармачылыктын стилдик бөтөнчөлүгү, чыгармаларынын стилдик өзгөчөлүктөрү; Айтматовдун чыгармаларын которуунун маселелери; көркөм туундуларынын чет өлкөлөрдө кабыл алынышы ж.б. сыяктуу жалпы эле адабияттаануунун көп кырдуу темаларга арналып жазылган көптөгөн тармактары боюнча изилдөөлөр жасалып жана бул багыттагы иштер дагы да болсо улана берерин айтат.

Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын чет элдик адабияттаануусунда изилдениши: «…чыгармачылыктагы улуттук жана интернационалдык, жалпы адамзаттык жана улуттук  чыгармаларынын чет өлкөлөрдө изилденип жаткан көптөгөн эмгектердин жазылып жаткандыгы белгиленип берилет.

Ошондой эле бул параграфта адабияттаануу, тилтаануу жана педагогика багытында корголгон диссертацияларга жалпы обзор берилип, келечекте айтматовтаануу салаасында изилдөө иштери уланарын белгилейт.

**2-§. «Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын баалуулуктук аспектте изилдөө кыргыз адабият таануусунун келечектүү багыты катары»** деп аталып, көркөм адабияттын мисалында аксиологиялык маселелерди изилдөөнүн бир топ арбын экендиги айтылат.

Бул параграфта изденүүчү бул темада өзүнө чейин жазылган диссертациялык иштерге кайрылып, Л.Арагон, А.Салиев, К.Асаналиев, В.Пивоев, В.Петров, Е.Попова, К.Ибраимов, Э.Нурушев ж.б. изилдөөлөрү өз кезегинде изденүүчүгө методологиялык таяныч болгондугун акыйкат белгилеп, жазуучунун чыгармаларынын баалуулугун арттырып турган ойлордун айтылганын: «…Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына келсек, алардын баарына – алгачкы аңгемелеринен баштап, повесттери менен романдарына, драмаларына, публицистикасына, философиялык диалогдоруна чейин терең аксиологиялык мазмун мүнөздүү» (34-б.) – деп жазат.

Изденүүчүнүн бул параграфта айтайын деген негизги пикири, Ч.Айтматовдун романдарына чейинки жазган аңгеме, повесть, публицистика ж.б. чыгармаларынын аксиологиялык аспектисин ачып берүүгө аракет жасап, бул багыттагы алдыңкы изилдөөлөргө анализ берүү менен жазуучунун совет доорунда жана эгемендик мезгилинде жазылган романдарынын контексттинде да баалуулук маселелери көтөрүлүп келгендигин белгилүү айтматовтаануучу А.Акматалиевдин: «Айтматовдун жазуучулук философиясы Адамдын улуулугуна, Жаратылыштын түбөлүктүүлүгүнө, Ыйык гуманизмге, Асылдык идеясына барып такалат. Айтматовдун жазуучулук устаттыгынын эң башкы сыры – көркөм ойлоонун ар тараптуулугунда жана көп түрдүүлүгүндө» (38-б.) – деп айткан пикири менен өз оюн бекемдейт.

**II Бап. Чыңгыз Айтматовдун романдарын баалуулуктук изилдөөнүн объектиси, предмети, методологиясы жана материалдары** деп аталып, бул бап 3 параграфтан турат.

**1-§. «Чыңгыз Айтматовдун романдарын баалуулуктук изилдөөнүн объектиси жана предмети»** деген параграфта изденүүчү диссертациялык изилдөөнүн негизги объектисин так белгилеп: «…Чыңгыз Айтматов жараткан

романдардын – «Кылым карытар бир күндүн», «Кыяматтын», «Кассандра тамгасынын», «Тоолор кулаганданын» – негизги, канондук тексттери, ошондой эле залкар калемгердин адабий-теориялык көз караштары, аксиологиялык аспекттеги ой-пикирлери түз чагылтылган макалаларынын, интервьюларынын, маектеринин тексттери…» (51-б.) жана аталган романдардын аксиологиялык мазмуну образдар тутунган баалуулуктары иштин негизги предмети экендигин белгилеп келип, Ч.Айтматовдун бир чыгармасынан экинчи чыгармасына өтүп жүрүп отурган адамзаттык түбөлүктүү баалуулуктарды ачып берүү иштин өзөгүн түзөрүн белгилейт.

Диссертант Ч.Айтматовдун романдарындагы баалуулукту Кудай, акыйкаттык, адилеттик, жакшылык, абийир жана башка категориялары аркылуу анализдеп келип, кезегинде бул баалуулуктар адабияттаануунун да предметине айланып Г.Гачев, А.Акматалиев жана башкалар тарабынан жазуучунун романдарынын мисалында чечмеленгендигин айтып, ал пикирлерге карата өзүнүн оң пикирин билдирет.

**2-§. «Чыңгыз Айтматовдун романдарын баалуулуктук изилдөөнүн методологиясы жана методдору»** аттуу параграфта изденүүчү аксиология маселесин изилдөө соңку жылдарда көбөйүп жаткандыгы жана бул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүүдө Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы, айрыкча жазуучунун романдары бул жана башка багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзүүгө методологиялык өзөк болгондугун билдирет.

Диссертант аксиология маселелери байыркы доордон бери изилдөөнүн объектисине айланып келгендиги белгиленип, анын адабияттаануу багытында изилдениши орус окумуштуулары П.Флоренский, М.Бахтиндер тарабынан башталып, көркөм адабиятты аксиологиянын аспектисинде изилдөө иштери өзгөчө XX-XXI кылымдардын чегинде өзгөчө ишке ашкандыгы жана бул багыттагы өз алдынча иштер кыргыз адабияттаануусунда алигиче колго алына электиги тууралуу сөз болот. Аксиологияны адабияттаануунун мисалында изилдеп жүргөн А.Власкиндин пикирине ылайык, “аксиологиялык деңгээл адабий чыгармаларда дайыма болгондугу, бул маселелерди кароо керектиги,

бул жагынан ал көп нерселерге жемиш берерин" окумуштуу акыйкат белгилегендигине токтолот. Кийинки жылдарда орус филологдору, мисалы, Д.А. Абдуллина, И. А Анашкина, Т. С. Власкина, И. А. Есаулов, В. Б. Петров, И. К. Подковыров, А. С. Собенников ж.б., өз изилдөөлөрүндө аксиологиялык мамилени активдүү колдонуп келишет. В. Б. Петровдун докторлук диссертациясы адабияттаанууда аксиологиялык мамилени колдонуу өндүрүмдүү болорун даана көрсөттү деп жазылат. Ал эми кыргыз адабияттаануусунда бул багыттагы изилдөөлөргө келгенде: «Кыргыз адабият таануусунда болсо бул багыттагы изилдөө иштери жаңы гана башталып жатат. Алсак, адабият таануучу А. С. Жантаев өзүнүн бир нече макалаларын аксиологиянын негиздерин кыргыз адабият таануусунда колдонуу келечектерине, баалуулук категориясы адабий процессти аксиологиялык изилдөөнүн өбөлгөсү...» экендигин белгилейт.

**3-§. Изилдөөнүн негизги материалдарына кыскача адабий-теориялык экскурс** деп аталып, жазуучунун «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» романдарына өз алдынча кыскача обзор берилет.

**III Бап. «Чыңгыз Айтматовдун романдарынын көркөмдүк-аксиологиялык мазмуну»** деп аталып, бул бап 5 параграфтан турат.

**1-§. Акыйкаттык Чыңгыз Айтматовдун романдарында** деп аталат.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жана көлөмдүү бөлүмүнүндө изденүүчү акыйкаттык – бул адамдын турмуштук жашоосунун бирден бир ченеми катары баалуулуктун негизги категориясы болуу менен кезегинде акыйкаттыкты издөөдөгү адам баласынын ишеним, жакшылык, сулуулук, эркиндик, сүйүү сыяктуу баалуулуктар менен катар эле руханий дөөлөттүн идеалы экендиги, бирок кандай акыйкаттык идеал катары чыга алат? Баардыгы эле идеал боло алабы? деген суроолорду кабыргасынан коюу менен "жашоодогу ишке ашырылуучу ишенимдин, жакшылыктын жана сулуулуктун акыйкаттуулугу катары, жалган эмес чыныгы ишенимдин, чыныгы

жакшылыктын, нукура сулуулуктун көрүнүшү катары чыгат" деген туура жыйынтыкты чыгарат.

Бул диссертациялык иштин жалпы мазмуну аркылуу «Кылым карытар бир күндөгү» Эдигейдин, «Кыяматтагы» Бостондун, «Кассандра тамгасындагы» Филофейдин, «Тоолор кулагандагы» Арсен Саманчиндин образы аркылуу Ч.Айтматов чыныгы сүрөткер катары акыйкатты издөөнүн көп кырдуулугун көрсөтүп, бул жагынан жазуучу жаратман экендигине ынангандыгын белгилейт.

**2-§. Жакшылык Чыңгыз Айтматовдун романдарында** деп аталат.

Бул параграфта жакшылык категориясы эзелтен бери адамзаттын турмушунда негизги орунду ээлеп келаткан адеп-ахлактык, философиялык түшүнүк катары жашап, жакшылыкка фольклордук адабиятта да өзгөчө зор маани берилгендиги элдик макал-лакаптарда терең чечмеленип, «Жакшы атка – бир камчы, жаман атка – миң камчы», «Жакшы жигит элин өргө сүйрөйт, жаман жигит элин көргө сүйрөйт», «Жакшы сөз – жан семиртет, жаман сөз – жан кейитет», «Жакшы сөз – таш эритет, жаман сөз – баш чиритет, «Жакшы – эл камын ойлойт, жаман – өз камын ойлойт, «Жакшыдан жаман туулса – чыгаша, жамандан жакшы туулса – киреше», «Жакшыны жатым дебе, жаманды досум дебе», «Жакшынын – шарапаты, жамандын – кесепети» ж.б. көптөгөн макалдар аркылуу элибизде бул адамдык сапаттын өзгөчө мааниге ээ болуп келгендигин белгилейт.

«Чыңгыз Айтматовдун дээрлик бардык романдарында – советтик доордогу дагы, постсоветтик доордогу дагы, жакшылык маселеси, жалпы адамзатка жакшылык каалоо, жакшылык жасоо тилеги эң алдыңкы орунда даана бөлүнүп турат» деген ойду айтып келип, изденүүчү жазуучунун романдарында жамандык жакшылыкты жеңип кеткендей көрүнгөнү менен анын адамзат үчүн өтөгөн жакшылыгы дайыма жогору турат дейт.

**3-§. Сулуулук Чыңгыз Айтматовдун романдарында** деп аталат.

Изденүүчү сулуулукту баалуулуктун башка категориялары менен байланышта карап, кезегинде «Чыңгыз Айтматовдун романдарында дал мына

ушундай – Сулуулук ар тараптуу бааланат жана түшүнүлөт. Жазуучу адамзаттын тышкы сулуулугун да, анын иш-аракетинин сулуулугун да, ички дүйнөсүнүн сулуулугун да комплекстүү карап баалайт...» (116-б.) – деп, «Кылым карытар бир күн» романындагы Казангап да, Эдигей да, Абуталип да, Бүкөй да, Үкүбала да, Зарипа да ички дүйнөсү таза, ымандуу адамдар катары сулуу, «Кыямат» романындагы Иисус Назарянин, Авдий Каллистратов, Бостон Үркүнчиев сыяктуу башкы каармандар руханий жактан баалуу, ички дүйнөсү сулуулукка эгедер асыл адамдар катары, өздөрүнүн ишмердиги менен улуу жана сулуу, «Кассандра тамгасы» романындагы Филофей, Роберт Борк, Энтони Юнгер да өз адамгерчиликтери, адамды сүйгөндүктөрү менен сулуу, «Тоолор кулаганда» романынын окуялары да чыныгы Сулуулук адамдын жан дүйнөсүндө, ишмердүүлүгүндө жатканын айгинелеп тургандыгын ишенимдүү ойлору менен аныктап берүүгө жетишет.

**4-§. Эмгек Чыңгыз Айтматовдун романдарында** деп аталган параграфта дүйнө жана кыргыз элиндеги эмгек тууралууу асыл ойлордун айтылып, ал эми ошол өз эмгеги менен өмүрүн кечирген Эдигей, Казангап, Бостон жана башка мээнеткер адамдардын образында терең ачылып берилгендигин: “Чыңгыз Айтматов залкар ойчул инсан катары коом турмушунда жүргөн жогоркудай терс өзгөрүүлөрдү өз жүрөгү, жан дүйнөсү аркылуу өткөрдү, алар алып келген кесепеттер жөнүндө ойлонуп толгонду. Мына ошондой ой толгоолордун натыйжасы катары «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» романдары жарыкка келди” деген ойду ортого салуу менен изденүүчү адам эмгегинин ак-карасын ачып берүүдө жазуучу ар мезгилдин баалуулугун ачып берүүгө жетишкенин ишенимдүү далилдей алган.

**5-§. Үй-бүлө Чыңгыз Айтматовдун романдарында** параграфында болсо, «Адам турмушунда үй-бүлө негизги дөөлөттөрдүн бири болуп саналат. Эч бир адам үй-бүлөсүз жашабайт, эч ким үй-бүлөдөн тыш боло албайт. Ар бир инсан үй-бүлөдөн таалим-тарбия алуу аркылуу өнүп-өсөт. Ошол себептен эзелтен бери көркөм өнөрдө, анын бир бутагы болгон адабиятта үй-бүлөлүк

проблемалар чагылтылып келген. Мындан бир дагы улуттук адабият четте калбаган. Кыргыз эли эзелтен үй-бүлөлүк, тууганчылык мамилелерге өзгөчө маани берип, олуттуу караган» (130-б.) - деп, адам жашоосундагы теңдеши жок бул баалуукту сүрөттөөдө Ч.Айтматовдун ордун аталган романдардын мисалында көп кырдуу сөз кылууга арзый тургандыгын айтат. Үй-бүлө маселесин чагылтууда Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» романдарында үй-бүлө дөөлөтүнүн күңгөй-тескей кырлары жетиштүү эле чагылтылып, ар тараптуу ачылып берилүү менен үй-бүлө маселесине адам жашоосундагы урабай турган баалуу дөөлөт катары мамиле жасалып, аларды каармандардын образдары аркылуу терең ачып берген дейт изденүүчү.

Иштин жалпы жыйынтыктарын чыгаруу корутундусунда диссертациялык изилдөө аркылуу алынган жыйынтыктар жана келечек багыттар белгиленет.

**Изденүүчү Ысакбаева Зинат Турдубекованын «Ч.Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология» деген 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

**Жаңычылдыгы:** Бул эмгек – кыргыз адабияттаануусунун “айтматовтаануу” илиминде ар тараптуу, системалуу, изилдөөгө алган биринчи эмгек. Буга чейинки айрым бир чакан илимий изилдөөлөрдү эске алуу менен бул тема боюнча толук түрдөгү эмгектин жоктугу чындык.

**Иштин практикалык мааниси:** Изилдөөнүн материалдарын кыргыз адабияттаануу, айтматовтаануу боюнча мындан кийинки жазылуучу эмгектерде колдонууга жана ЖОЖдордо атайын адистик курстарды окуутууда пайдаланууга болот.

**Иштин илимий-теориялык деңгээли:** Диссертациялык иштерге коюлуучу талаптарга жооп берет. Тема боюнча адабий булактар жетиштүү даражада пайдаланылган жана аларга карата диссертанттын көз карашы, илимий мамилеси берилген.

Диссертанттын автореферату иштин мазмунун толук камтып турат.

Автордун жарыяланган макалалары диссертациянын мазмунун чагылдырат жана ЖАКтын талаптарына жооп берет.

Иште айрым кемчиликтер да жок эмес.

1.Диссертациялык иштин жалпы мазмунун түзүп турган бардык баптарынын илимий-теориялык деңгээли бирдей эмес. Алсак, иштин биринчи, экинчи, үчүнчү баптары кыйла чыйрак жазылгандыгына карабастан, ошол эле экинчи баптын 3-параграфы изилдөөнүн жалпы темасына төп келбегендиги байкалат.

2.III баптын 5-параграфка бөлүнүшү ынанымдуу эмес.

3.Иштин жалпы мазмунунда баалуулук категориясынын кыргыз жазуучуларынын чыгармачылыгындагы орду тууралуу таптакыр кеп козголбойт.

4.Иште кээ бир стилдик, граматикалык жана техникалык каталар учурабай койбойт.

Жогоруда аталган кемчиликтер эмгектин жалпы илимий-теориялык деңгээлине залака тийгизбейт. Изденүүчү Ысакбаева Зинат Турдубекованын «Ч.Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология» деген 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иши ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет жана анын автору филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга толук татыктуу.

**Расмий экинчи оппонент,**
**филология илимдеринин кандидаты,**
**ага илимий кызматкер** **М.Садыров**

М. Садыровдун колтамгасын ырастайм
КР Улуттук илимдер академиясынын
Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият
институтунун окумуштуу катчысы
Качкынбай к. А.
«19» январь 2021 ж.